**«КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКында**
**Жеке жакты банктык тейлөөгө келишим түзүүгө**
**АЧЫК ОФЕРТА**

Бул жарыя-сунуш (мындан ары текстте – Жарыя-сунуш) физикалык жактарга багытталган, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жалпы болуп эсептелет жана «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын (мындан ары текстте – Банк) шарттары ушул Жарыя-сунушта камтылган Физикалык жакты банктык тейлөө жана MBank кызматын колдонуу Келишимин Банк менен түзүүгө сунушу болуп саналат.

Келишим физикалык жак (мындан ары текстте – Кардар) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Банктын локалдык ченемдик актыларына ылайык банктык тейлөө үчүн зарыл документтерди тапшырган учурда, аныкталган формадагы физикалык жакты банктык тейлөөгө арызга колун койгон учурдан же Mbank кызматы аркылуу ушул Жарыя-сунушту толук жана шартсыз кабыл алганын жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык Банктын www.cbk.kg сайтында (мындан ары текстте – Банктын Сайты) жайгаштырылган бул Жарыя-сунуштун бардык шарттарын Кардардын эч кандай алып салуусуз же чектөөсүз кабыл алганын билдирген электрондук колтамганы колдонуу жолу менен эсеп ачкан учурдан баштап түзүлгөн болуп саналат.

Бул Жарыя-сунуш аны күчүн жоготту деп тааныган учурга чейин, же өзгөртүүлөрдүн күчүнө киришинен кеминде 10 (он) банктык күн мурун Банктын www.cbk.kg сайтында жаңы Жарыя-сунуш жарыяланганга чейин жарамдуу болуп саналат.

Банк аралыктан/дистанттык тейлөөнүн кызматтарын көрсөтүүчү болуп саналат.

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Банктык карта** – эсепти тескөөгө, нак акча каражаттарын алууга, товарларды жана кызматтарды терминалдар же башка түзүлүштөр, ошондой эле интернет тармагы аркылуу төлөөгө арналган төлөмдүк аспап.

**Бенефициардык ээ** – акыр аягында (ээлик кылуу жана көзөмөлдөө чынжыры аркылуу) тике же кыйыр түрдө (үчүнчү жактар аркылуу) менчик укугуна ээ болгон же Кардарды көзөмөлдөгөн физикалык жак же операция анын атынан же анын кызыкчылыгында жүргүзүлүүчү физикалык жак.

**Жогорку тобокелдиктүү өлкөлөр** – кылмыштуу кирешелерди адалдоого жана террористтик ишмердикти каржылоого каршы аракеттенүү боюнча эл аралык стандарттарды колдонбогон же жетишсиз даражада колдонгон мамлекеттер жана аймактар (жаралыштар), ошондой эле оффшордук зоналар.

**Аманат (банктык салым)** – физикалык жак тарабынан улуттук валютада да, чет өлкөлүк валютада да жайгаштырылуучу, карталык эсепте акы төлөнүүчүлүк, камсыздалгандык, мөөнөттүүлүк жана кайтарылуучулук шарттарында сакталуучу акча каражаттары.

**Идентификациялоо** – ТИК/ККАКА (террористтик ишмердикти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү) чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарда аныкталган Кардарлар жөнүндө, алардын өкүлдөрү жана бенефициардык ээлери жөнүндө маалыматтарды тапшырылган документтердин жана (же) талаптагыдай түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрдүн негизинде аныктоо боюнча Банктын иш-чараларынын жыйындысы.

**Банктык эсеп** – физикалык жак тарабынан өздүк акча каражаттарын сактоо, эмгек акысын, авторлук калем акыларын, пенсиясын, алименттерин, социалдык жөлөкпулдарын, башка банктык эсептен каражаттарды, мурастоого байланышкан төлөмдөрдү, эсептин ээсине таандык өздүк мүлкүнүн сатылган акысын, акча которууларды (анын ичинде эсеп ачуусуз акча которуу тутумдары боюнча жүргүзүлгөн которууларды) жана башка түшүүлөрдү жана төлөмдөрдү, анын ичинде

насыялар боюнча төлөмдөрдү киргизүү үчүн колдонулган, талап боюнча банктык салым (аманат) эсеби (эсеп) / карталык эсеп (банктык төлөм картасынын жардамы менен же тейлөөнүн дистанттык каналдары аркылуу тескөө жүргүзүү мүмкүн экенин билдирет) (мындан аркы текстте – карта-эсеп). Физикалык жактын эсебинен Кардар жекече мүнөздөгү төлөмдөрдү, анын ичинде жеке максаттар үчүн сатып алынган товарлардын (алынган кызматтардын) акысын төлөөнү, насыя боюнча жоюуларды, акча которууларды (анын ичинде эсеп ачуусуз акча которуулар тутумдары боюнча жүргүзүлүүчү которууларды), коммуналдык төлөмдөрдү жана башка жекече мүнөзгө ээ болгон ушундай төлөмдөрдү жүргүзө алат.

**Кардар** – ушул Жарыя-сунушка кошулган физикалык жак.

**Коддук сөз** – картанын ээси банкка телефон аркылуу же Банктын башка расмий байланыш каналы аркылуу кайрылган учурда аны идентификациялоо үчүн зарыл болгон жашыруун сөз.

**Тараптар** – Банк менен Кардардын чогуу аталышыю

**Картанын PANы (**Primary Account Number) – картанын маңдайкы бетине жайгаштырылган банктын картанын номуру.

**CVV/CVC коду** (Card Verification Value/Code) – картанын арткы бетине жайгаштырылган үч орундуу код, картанын аныктыгын текшерүүгө арналган.

**Картанын PIN-коду** (Персоналдык Идентификациялык Номур) – 4 санариптен турган комбинация, ал Кардардын карта-эсебинде сакталган акча каражаттарынан колдонуу үчүн жашыруун код болуп саналат.

**«MBank» кызматы –** Кардарга банктык эсептериндеги акча каражаттарын уюлдук түзүлүш жана/же Интернет глобалдык компьютердик тармагы аркылуу башкаруу боюнча банктык кызматтарды сунуштоого арналган программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруучулук иш-чаралардын тутуму.

**FATCA** – америкалык жарандардын жана резиденттердин салыктарды төлөөдөн качуусуна каршы багытталган, чет өлкөлүк эсептер боюнча салыктык отчеттуулук жөнүндө Мыйзам.

**Аралыктан идентификациялоо** – Кыргыз Республикасынын жарандарын - физикалык жактарды Кардардын өзүнүн болуусусуз электрондук формада алынган маалыматтарын колдонуу менен идентификациялоо жана верификациялоо.

**Банктык чектелген эсеп** – Кардарларды аралыктык режимде идентификациялоо жана верификациялоо Тартибине ылайык, регулятордун ченемдик-укуктук актыларына ылайык аныкталган чектөөлөрү жана лимиттери бар эсеп.

## КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Бул Келишим эсепти/карта-эсепти валютада ачуунун тартибин жана шарттарын аныктайт жана анын Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына (мындан ары – Мыйзамдар), Банктын Тарифтерине, ушул Келишимдин шарттарына, эл аралык VISA төлөмдүк тутумун колдонуу Эрежелерине жана улуттук ЭЛКАРТ төлөмдүк тутумун колдонуунун Эрежелерине (мындан ары – Эрежелер) ылайык тейленишин жүргүзөт.

1.2. Келишимдин алкагында, тиешелүү кызмат Банкта бар болгон учурда, Кардарга төмөнкүдөй кызматтар сунушталышы мүмкүн:

- бир же бир нече Эсептерди/карта-эсептерди ачуу жана тейлөө;
- төлөмдүк карталарды чыгаруу жана тейлөө жана/же банктык картаны (мындан ары – картаны) колдонуусуз тейлөө;
- аралыктык жана төлөмдүк кызматтар (MBank);
- «Топтолмо» аманаты;
- насыялык өнүмдөр боюнча сунуштарды сунуштоо жана Кардардын өз эсептерин башкаруусу үчүн башка кызматтар.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2.1. Бул Жарыя-сунуш эсеп/карта-эсеп ачуунун тартибин аныктайт, ошондой эле Банк менен Кардардын ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруу учурунда жаралган мамилелерин жөнгө салат.

2.2. Тараптардын ортосундагы бул макулдашуу Кардардын ушул Жарыя-сунушту кабыл алуусу аркылуу түзүлөт. Жарыя-сунушту кабыл алуу болуп Кардардын ушул Жарыя-сунуштун 5-бөлүгүнө ылайык аракеттерди аткарышы эсептелет, бул аракеттер Жарыя-сунуштун шарттарына толук жана шартсыз макулдук катары каралат. Бул Жарыя-сунуштун шарттарын кабыл алуу менен Кардар Арызды толтуруп, кол койгондон кийин же Кардарды аралыктык режимде идентификациялоо жана верификациялоо Тартибине ылайык аралыктан идентификациялоодон жана верификациялоодон өткөндөн кийин жалпы Жарыя-сунуштун шарттарына кыйшаюусуз макул болот.
2.3. Талап боюнча эсептерде/карта-эсептерде турган акча каражаттарына пайыздар, эгер бул Тараптардын ортосундагы өзүнчө келишимдерде/макулдашууларда каралбаган болсо, Банк тарабынан кошуп эсептелбейт жана төлөнбөйт.
2.4. Кыргыз Республикасынын "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзамына ылайык, банк депозиттерди коргоо системасынын катышуучусу жана эсептеги акча каражаттары жеке адамдардын аманаттарын (депозиттерин) коргоо объектиси болуп саналат. Банк жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын депозиттерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан мыйзамда каралган тартипте, өлчөмдө жана шарттарда кардарга (депозиторго) компенсация төлөп берүүгө кепилдик берет.
2.5. Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамда башкача каралбаса, жеке адамдардын төмөндөгү депозиттери (аманаттары) жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын талаптарына ылайык компенсацияланууга жатпайт:

1) банкка, микрофинансы компаниясына жана турак жай-сактык кредиттик компаниясына тиешелүү адамдардын депозиттери;
2) акыркы 3 жыл аралыгында банктын, микрофинансылык компаниянын, турак жай-сактык кредиттик компаниянын чет өлкөлүк консультанттары же тышкы аудиторлору болуп саналган адамдардын депозиттери;
3) юридикалык жактын атынан (ишеним кат аркылуу) жайгаштырылган жеке адамдардын депозиттери;
4) Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдары жөнүндө" мыйзамдарына жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын ишин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык чектөөлөр коюлган же камакка алынган депозиттер; банк-резиденттин филиалдарындагы, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан микрофинансылык компания-резиденттин филиалдарындагы депозиттер.

2.6. Банктын www.cbk.kg расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу Банк Кардарга бардык зарыл маалыматтарды берет.
2.7. Кардардын Жарыя-сунушту кабыл алуусу ушул Жарыя-сунушка жана Кардардын жеке маалыматтарын жыйноонун жана иштетүүнүн төмөнкү шарттарына макулдукту билдирет:
- субъектинин Соцфонддогу жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө (Макулдук/Артка чакыртуу) арызына кол коюуга макулдугу (2-тиркеме);
- субъектинин МКСдагы жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдуктун типтүү формасына кол коюуга макулдугу (3-тиркеме);
- насыялык тарыхтын маалыматтарын «Ишеним» Насыялык Бюросу ЖАКынан текшерүүгө жана берүүгө макулдугу (4-тиркеме);
- субъектинин КР ФЭМдин алдындагы МСКдагы жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугунун типтүү формасына кол коюуга макулдугу (5-тиркеме).
2.8. Кардардын жеке маалыматтарын иштетүү мөөнөтүн чектөөсүз, каалаган мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же мындай каражаттарды колдонбостон жеке маалыматтардын маалыматтык тутумдарында жүргүзүлөт.

## 3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

3.1. Эсеп ачуу үчүн Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык документтерди Банкка тапшырууга.

3.2. Эсепти/карта-эсепти ишкерлик жана ошол сыяктуу ишмердик менен байланышпаган эсептешүүлөр үчүн, ошондой эле акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн колдонууга.
3.3. Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү учурунда Мыйзамдарда аныкталган талаптарга ылайык таризделген төлөмдүк документтерди Банкка тапшырууга.
3.4. Банктык Тарифтерине ылайык кызматтардын наркын төлөп турууга жана Банктын www.cbk.kg сайтына жайгаштырылган Келишимдин шарттарындагы, Банктын Эрежелериндеги жана Тарифтериндеги өзгөрүүлөрдү көзөмөлдөп турууга.
3.5. Кардардын эсебинен/карта-эсебинен кызматтарды төлөө үчүн акча каражаттарын, ошондой эле Банк жана үчүнчү жактар тарабынан жаңылыш киргизилген же Тараптардын ортосунда түзүлгөн келишимдерде жана макулдашууларда каралган башка милдеттенмелер боюнча акча каражаттарын акцептсиз эсептен чыгаруу укугун Банкка берүүгө.
3.6. Swift төлөмгө арызда көрсөтүлгөн сумманы комиссияны эсепке алуу менен карта-эсептен Кардардын эсебине акцептсиз эсептен чыгарууга жана андан ары Кардардын эсебинен swift төлөмдү жөнөтүүгө Банкка укук берүүгө.
3.7. Swift төлөм жөнөтүү үчүн карт-эсептен эсептин валютасынан айырмаланган валютада акча каражаттарын эсептен чыгарууга, операциянын суммасын эсептин валютасына операция жүрүп жаткан учурдагы Банктын курсу боюнча конвертациялоого Банкка укук берүүгө.
3.8. Банктын талабы боюнча суралып жаткан каалаган маалыматты, ошондой эле Кардардын ишмердигине жана ал жүргүзүп жаткан банктык операцияларга тиешелүү документтерди 3 (үч) банктык күн ичинде тапшырууга.
3.9. Жеке маалыматтардын, анын ичинде дарегинин, телефон номурларынын, электрондук дарегинин ж.б. өзгөрүүлөрү жөнүндө Банкка жазуу түрүндө билдирүүгө. Мындай болбогон учурда Кардардын акыркы белгилүү дареги боюнча жөнөтүлгөн Банктын бардык каттары Кардар тарабынан талаптагыдай түрдө алынды деп эсептелет.
3.10. Эгерде ал АКШнын салыктык резиденти болуп саналса, бул жөнүндө Банкка жазуу түрүндө кабарлап, АКШнын салыктык органдарына Кардар жөнүндө маалыматтарды берүүгө укук берүүгө.
3.11. АКШнын салыктык резиденттерин идентификациялоо төмөнкү критерийлердин биринин же андан көбүнүн болушун талап кылат:

- 3.11.1. Физикалык жак АКШнын жараны болуп саналат.
- 3.11.2. Физикалык жактын АКШда туруктуу жашоого уруксаты бар (туруктуу жашоочунун карточкасы (I-551 формасы («Green Card»)).
- 3.11.3. Физикалык жак, жарандыгына карабастан, «АКШда узак мөөнөттүү жашап туруунун» критерийлерине туура келет, тагыраак айтканда: физикалык жак учурдагы календарлык жылда кеминде 31 күн жана учурдагы жылды жана мындан мурунку катары менен эки жылды кошкондо 3 жыл ичинде кеминде 183 күн АКШнын аймагында турган болсо, анда ал АКШнын салыктык резиденти деп саналат.
- 3.11.4. Физикалык жак АКШнын аймагында туулган.
- 3.11.5. Физикалык жактын АКШнын аймагында дареги/почта дареги бар.
- 3.11.6. Физикалык жактын АКШ телефондук номуру бар (телефондук код +1)

3.12. Банктын бөлүктөрүнөн эсеп/карта-эсеп боюнча ири суммадагы нак акча чыгымдоо операцияларын жүргүзгөн учурда 1 (бир) иш күн мурун Банкка (телефон, кат жана башка жеткиликтүү ыкма менен) маалымдоого.
3.13. Террористтик ишмердикти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдоого (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын талаптарын сактоого.

**Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:**
3.14. Эсептеги/карта-эсептеги акча каражаттарын ушул Келишимдин шарттарына, Банктын Эрежелерине жана Тарифтерине ылайык, Мыйзамдарда каралган учурлардан тышкары, өз алдынча тескөөгө, ошондой эле картаны жогоркудай шарттар менен колдонууга.
3.15. Жекече PIN-коду менен карта алууга, ошондой эле бир эле карта-эсепке тиешелүү, акча каражаттарынын бирдей калдыктарына ээ болгон кошумча карталарды алууга.
3.16. Эсепке/карта-эсепке акча каражаттарын нак жана нак эмес формада киргизүүгө.

3.17. Карта-эсеп боюнча акча каражаттарын жекече лимиттерди орнотуу жолу менен өз алдынча чектөөгө. Жекече лимиттерди орнотуу/өзгөртүү Кардардын жазуу түрүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлөт.
3.18. Банктын түзүмдүк бөлүгүндө Кардардын өздүгүн аныктаган документти көрсөтүп, жазуу түрүндөгү арыздын негизинде коддук сөздү орнотууга.
3.19. Эсеп/карта-эсеп боюнча талап кылынган мезгил үчүн көчүрмөнү Банктын Тарифтерине ылайык алууга.
3.20. Карта жоголгон же бузулган учурда Банктын учурдагы Тарифтерине ылайык тиешелүү комиссияларды төлөгөндөн кийин жаңы карта алуу үчүн Банкка кайрылууга.
3.21. Банкка кеминде 10 (он) банктык күн мурда эсепти/карта-эсепти жабууга арыз берүү аркылуу жазуу түрүндө билдирүү менен Келишимди бир тараптуу тартипте үзүүгө жана Банкка картаны кайтарып берүүгө.
3.22. Аралыктык режимде идентификациялоо жана верификациялоо Тартибине ылайык чектөөлөрдүн жана лимиттердин чегинде банктык чектелген эсеп ачууга (1-тиркеме).
3.23. Банкка эсепти жүргүзүү боюнча тапшырмаларды жөнөтүүгө, суроо-талап берүүгө жана эсептин абалы жөнүндө каалаган тиешелүү маалыматтарды алууга.
3.24. Кардар үчүнчү жактардын талабы боюнча, аларды идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү жана алардын ыйгарым укуктарын, анын ичинде Кардардын бул жактардын алдындагы өз милдеттенмелерин аткаруу менен байланышкан ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтер болгон учурда, Банкка өз эсебинен үчүнчү жактардын талабы боюнча акча каражаттарын эсептен чыгаруу жөнүндө тескеме берүүгө укуктуу. Банк бул тескемелерде Банк аныктаган зарыл маалыматтар жазуу түрүндө көрсөтүлгөн шартта бул тескемелерди кабыл алат.
3.25. Банктын иштөөсүнүн операциялык режиминде эсепти тескөөгө.

**Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

3.26. Банктык тейлөөнү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын, Келишиминин шарттарына, Банктын Эрежелерине жана Тарифтерине ылайык жүргүзүүгө.
3.27. Кардар өздүгүн күбөлөндүрүүчү документти көрсөткөн шартта же коддук сөздү (анын ичинде телефон аркылуу же башка расмий байланыш каналдары аркылуу) билдирген шартта картаны тосмолоого.
3.28. Түшкөн акча каражаттарын Кардардын эсебине/карта-эсебине тиешелүү төлөмдүк документ Банкка түшкөн күндөн кийинки бир банктык күндөн кечиктирбестен киргизүүгө.
3.29. Пайыздык схеманын жана пайыздык чендердин, кызматтардын наркынын жана кызмат көрсөтүү шарттарынын өзгөрүүлөрү жөнүндө ушул Келишимдин 3.31. пунктунда каралган мөөнөттөрдө жана шарттарда Кардарга маалымдоого.
3.30. Кардарга эсептеги/карта-эсептеги акча каражаттарынын калдыгынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүүгө.

**Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

3.31. Кардарга бул жөнүндө маалыматтарды мындай өзгөрүүлөрдүн күчүнө киришине кеминде 10 (он) банктык күн калганга чейин Банктын маалыматтык стенддерине жана Банктын www.cbk.kg сайтына жайгаштыруу аркылуу маалымдап, Келишимдин шарттарын, Эрежелерди жана Тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө же толуктоого.
3.32. Кардардан акча каражаттарынын документалдык тастыкталган чыгыш булагын 3 банктык күн ичинде тапшырууну талап кылууга.
3.33. Террористтик ишмердикти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди адалдоого каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык Кардардын ишмердигине жана ал жүргүзүп жаткан банктык операцияларга тиешелүү маалыматтарды жана документтерди Кардардан талап кылууга.
3.34. АКШнын салык органдары үчүн, FATCA мыйзамынын алкагында, маалыматтарды берүүдөн баш тарткан учурда эсептешүү-кассалык тейлөөдөн бир тараптуу тартипте баш тартууга; АКШнын салык органдары үчүн, FATCA мыйзамынын алкагында, маалыматтарды Банкка берүүдөн баш тарткан учурдан баштап 7 (жети) күндүн ичинде Кардардын эсебин жабууга; көзкөрүнөө жалган маалымат берген учурда Кардардын эсебин жабууга.

3.35. Анык эмес маалымат берген учурда, эсеп ачууга коюлган жана ал боюнча операцияларды жүргүзүүгө коюлган талаптарды аткаруу үчүн, Кардарды идентификациялоо жана бенефициардык ээни аныктоо үчүн зарыл документтерди тапшырбаган учурда, Кардардын террористтик ишмердикке жана кылмыштуу кирешелерди адалдоого катышуусу жөнүндө маалыматтар болгон учурда, ошондой эле Келишимдин шарттарын ар кандай бузуулар болгон учурда Эсеп/карта-эсеп боюнча банктык операцияларды алдын ала билдирүүсүз убактылуу токтотууга жана/же байланыштын каалаган жеткиликтүү каражаты аркылуу 10 (он) банктык күн мурун билдирүү жөнөтүү жолу менен Келишимди бир тараптуу тартипте үзүүгө.
3.36. Кардардын Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын жана ушул Келишимдин шарттарын бузганын тастыктоочу фактылар болгон учурда Эсеп боюнча банктык операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга.
3.37. Даярдалган картаны 12 (он эки) календарлык ай ичинде Кардар албаган учурда картаны тосмолоп, андан ары жок кылууга.
3.38. Эгерде 6 айдан ашык убакыт бою MBANK мобилдик тиркемесине такыр кирбеген болсо, система кардардын маалыматтарын (MBANK номерин) MBANK тутумунан автоматтык түрдө өчүрөт, ошол эле учурда кардардын эсептери өзгөрүүсүз калат.
3.39. 12 (он эки) ай ичинде эсеп боюнча кыймыл болбогон учурда жана/же Кардардын тескемеси боюнча операция болбогон учурда эсепти бир тараптуу тартипте жабууга.
3.40. Банктын сервистерин жана кызмат көрсөтүүлөрүн төлөө үчүн кардардын банкта ачылган бардык эсептеринен/карт-эсептеринен акча каражаттарын акцептсиз эсептен алып салуу, мыйзамдарда белгиленген же тараптардын иш-аракетинен көз каранды эмес жагдайлардан улам келип чыккан, Тараптардын ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруусуна тоскоолдук кылган, ошондой эле банктын жана/же анын контрагенттеринин техникалык үзгүлтүктөрү жана опреациялык тобокелдиктери боюнча Тараптар ортосунда түзүлгөн келишимдерде жана макулдашууларда каралган башка милдеттенмелер боюнча банк, үчүнчү жактар тарабынан жаңылыш чегерилген акча каражаттарын эсептен алып салуу.
3.41. Swift төлөмгө арызда көрсөтүлгөн сумманы Кардардын карта-эсебиндеги акча каражаттарынан эсебине комиссияны эсепке алуу менен акцептсиз эсептен чыгарууну жүргүзүүгө жана андан ары swift төлөмдү Кардардын эсебинен жөнөтүүгө.
3.42. Swift төлөмдү жөнөтүү үчүн карта-эсептеги акча каражаттарын эсептин валютасынан айырмалуу валютада акцептсиз эсептен чыгарууну жүргүзүүгө, операциянын суммасын операция жүрүп жаткан учурдагы Банктын курсу боюнча эсептин валютасына конвертациялоого.
3.43. Эгерде кардар MBANK мобилдик тиркемеси аркылуу кардар тарабынан демилгеленген тез төлөмдү жөнөтүү үчүн талап кылынган чет өлкөлүк валютада эсеби жок болсо, Банк кардарга бир тараптуу тартипте талап кылынган чет өлкө валютасында эсеп ачууга укуктуу.
3.44. Эгерде резидент эмес жеке жактын эсебинде/карта эсебинде чет өлкөлүк АКШ доллары, евро жана Россия рубли валюталарындагы калдыктын жыйындысы жалпысынан 20 000 (жыйырма миң) АКШ долларынан жана евро жана Россия рублдеринин эквивалентинде калдыктардан ашса, Банк кардарга 12 айга жылдык 0,01% менен Мөөнөттүү аманат эсебин ачканга жана Банктын www.cbk.kg сайтында жайгаштырылган Банктын тарифтеринде көрсөтүлгөн чектөөлөргө ылайык кардардын мөөнөттүү аманат счетуна бардык эсептерден/карта эсептерден акцептсиз акча каражаттарын которууга укуктуу.
3.45. Шектүү операциялар аныкталган учурда же эсеп/карта-эсеп боюнча алдамчылык операциялар жөнүндө маалыматтар болгон учурда жүргүзүлгөн операциялардын мыйзамдуулугу боюнча жагдайлар такталганга чейин эсеп/карта-эсеп боюнча кыймылды убактылуу токтотууга.
3.46. Банктын кассалык терминалы аркылуу акча каражаттары алынып жаткан учурда Кардардын инсандыгын тастыктоочу документ талап кылууга.
3.47. Банктын кызматкерлерине орой/ылайыксыз мамиле кылган учурда, аныкталган фактылар бар болгон учурда Кардарга жазуу түрүндө билдирип, Келишимди үзүү жөнүндө маселени демилгелөөгө.
3.48. Банктын ченемдик документтеринин жана учурдагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына өзгөрүшүнө байланыштуу Келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө.

3.49. Келишимдин алкагындагы Кардар жөнүндө маалыматтарды ушул Келишимдин 2.5. пунктунда көрсөтүлгөн ар кандай мыйзамдуу иштеген органдардан алууга.
3.50. Эсептеги акча каражаттарынын Кардар Келишимдин бүткүл иштөө мөөнөтүндө чыгымдабай турган (пайдаланбай турган) минималдуу өлчөмүн (төмөндөтүлбөс калдыкты) аныктоого. Ошол эле учурда төмөндөтүлбөс калдык эсеп жабылгандан кийин Кардарга кайтарылып берилет. Төмөндөтүлбөс калдыктын өлчөмү Банктын www.cbk.kg сайтында жайгаштырылган Банктын Тарифтеринде аныкталат.
3.51. Чет өлкөлүк валютадагы кириш төлөмдөр майрам алдындагы күнү түшкөн учурда Кардарга түшкөн чет өлкөлүк валютадагы каражаттарды киргизүү банк-корреспонденттин майрамдан кийинки биринчи иш күнүндө жүргүзүлөт.
3.52. «MBANKты толтуруу» кирүү төлөмдөрүн жана MBANKка  телефон номери боюнча чыгуу которууларын жокко чыгаруудан баш тартылсын.

**ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ**

4.1. Кардар эсепти/карта-эсепти ачуу, Кардарды талаптагыдай идентификациялоо жана эсеп/карта-эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү жана башка банктык кызматтарды аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди Банкка тапшырбаганы үчүн Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык жоопкерчилик алып жүрөт.
4.2. Кардар картаны же аны пайдаланууга уруксатты ыйгарым укуксуз жактарга бергени үчүн, ошондой эле карта-эсепти тескөө жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүү үчүн зарыл маалыматтарды (ПИН-код, коддук сөз ж.б.) ачыкка чыгарганы үчүн жоопкерчилик алып жүрөт.
4.3. Байланыш-борбор менен Кардардын ортосундагы телефондук сүйлөшүүлөрдү жазууну жүргүзүүгө Кардар макул. Бул аудиожазуу Кардардын кайрылган фактысын тастыктайт.
4.4. Интернет аркылуу төлөө учурунда картаны уруксатсыз колдонуу менен байланышкан болжолдуу каржылык тобокелдиктерди картанын ээси алып жүрөрүнө Кардар макул. Бул учурда Банкка доомат койбойт.
4.5. Сатып алууларды, төлөмдөрдү, нак акча алуу жана банктык карта аркылуу аткарылуучу башка операцияларды жүргүзүү учурунда төлөмдүк карта аркылуу жүргүзүлгөн операциялар үчүн Кардар жеке жоопкерчилик алып жүрөт.
4.6. Кардардын картаны бергени үчүн же аны ыйгарымсыз укуксуз жактар уруксатсыз пайдаланганы үчүн, ошондой эле карта-эсепти тескөө жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүү үчүн, анын ичинде банктык картанын айрым реквизиттерин электрондук формада киргизүү аркылуу Интернет тармагынан товарларга жана кызматтарга буюртма берүү/сатып алуу боюнча транзакциялар үчүн зарыл болгон маалыматтарды (PIN-код, картанын PANы, CVV/CVC код, коддук сөз, картанын жарамдуулук мөөнөтү ж.б.) ачыкка чыгарганы үчүн Банк жоопкерчилик албайт.
4.7. Төлөмдөрдүн кечиктирилиши корреспондент-банктын жана/же реквизиттерди жаңылыш көрсөткөн Кардардын күнөөсү боюнча болгон учурларда Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.
4.8. Кардардын каражаттарын камакка алуунун же тескөө боюнча башкача чектөө коюунун натыйжасында мамлекеттик жана башка органдардын аракеттеринен Кардарга келтирилген чыгашалар жана зыяндар үчүн Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.
4.9. Кардар Банктын www.cbk.kg. сайтына жайгаштырылган маалымат менен таанышпаган учурдагы Кардардын учурдагы Тарифтерге, тейлөө тартибине (анын ичинде эсептешүү (төлөмдүк) документтерди кабыл алуунун жана текшерүүнүн тартибине) өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгени жөнүндө билбеши операция жүргүзүлгөн учурда жарамдуу Банктын Тарифтерине ылайык тиешелүү суммаларды төлөө боюнча милдеттенмелерин аткарбаганынын же талаптагыдай эмес аткарганынын натыйжасында келип чыккан жоопкерчиликтен Кардарды бошотпойт.
4.10. Кардар ушул Жарыя-сунушта көрсөтүлгөн Келишимдин жана Эрежелердин шарттарын бузган учурда пайда болгон чыгаша үчүн Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.
4.11. Кардардын эл аралык төлөмүнөн АКШнын салыктык органдары FATCA мыйзамынын алкагында 30% кармап калганы үчүн Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.
4.12. Эгер операциялар жогорку тобокелдиктүү өлкөлөрдө жүргүзүлгөн болсо, Банк Кардардын аракеттери үчүн жоопкерчилик алып жүрбөйт.

4.13. Банк Кардардын карта-эсеби боюнча операцияларды өз убагында жана туура жүргүзүү үчүн ушул Келишимдин шарттарына, Банктын ченемдик актыларына, Эрежелерине жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик алып жүрөт.
4.14. Банк Кардардын карта-эсеби боюнча операциялардын купуялуулугун сактоо үчүн жоопкерчилик алып жүрөт. Кардардын карта-эсеби боюнча маалыматтар Кардарга гана берилиши мүмкүн. Башка учурларда маалыматтарды берүү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын талаптарын тыкыр сактоо менен жүргүзүлөт.
4.15. Карта боюнча Карта эсебинин валютасынан айырмалуу валютада операция жүргүзгөндө акча каражаттарын конвертациялоо учурунда жаралган курстук айырма үчүн Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.
4.16. Эгер Кардардын наамына кириш/чыгыш төлөмдөр киргизилген Банктын корреспонденттик эсеби корреспондент-банктын лицензиясы чакыртып алынышына, мамлекеттин жогорку органдарынын корреспондент-банкка тиешелүү чечимине, же корреспондент-банкка карата эл аралык санкциялардын таасири алдында банктык операцияларды токтото турууга, санкция салууга байланыштуу тосмолонгон болсо, корреспондент-банктын мындай аракеттери үчүн, ошондой эле Банктын корреспонденттик эсебинде тосмолонуп калган Кардардын суммасын берүү үчүн Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.
4.17. Бул Келишим үзүлгөн учурда Кардарга берилген бардык карталар жараксыз деп эсептелет жана Банкка кайтарып берүүгө жатат, бул учурда Банктын кызматы үчүн жылдык төлөмдөр кайтарып берилбейт.
4.18. Бул Келишим үзүлгөн учурда Банк Кардардын карта-эсеби боюнча калдыкты төлөөнү жүргүзөт.
4.19. Бул Келишимдин үзүлүшү Кардардын карта-эсебин жабуу үчүн негиз болуп саналат.

## 5. КАРТА-ЭСЕПТИ ТАРИЗДӨӨНҮН ЖАНА БАНКТЫК ТӨЛӨМДҮК КАРТА БЕРҮҮНҮН ШАРТТАРЫ

5.1. Карта-эсепти тариздөө Кардар Банктын бөлүмүнө кайрылган учурда, Арызды толтуруу жана кол коюу менен жана/же фотосүрөттү текшерүү/видеобайланышты колдонуу, Банктын ички ченемдик документтеринде, КРУБдун талаптарында жана Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган Кардарды идентификациялоо үчүн зарыл бардык документтерди тапшыруу аркылуу аралыктан идентификациялоодон жана верификациялоодон өтүү менен жүргүзүлөт.
5.2. Кардарды ушул Жарыя-сунуш менен тааныштыруудан жана Арызга кол коюу аркылуу же аралыктык сервис аркылуу жөнөкөй электрондук колтамга коюу аркылуу Келишимдин шарттарын кабыл алгандан кийин Келишим Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын баардык талаптарына ылайык түзүлдү деп эсептелет.
5.3. Банктык төлөмдүк карта берүү Банктын ички ченемдик документтеринде аныкталган мөөнөттөрдө, Кардарды Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык талаптагыдай идентификациялоо менен жүргүзүлөт.

## 6. ТӨЛӨМДҮК КАРТА БОЮНЧА КОНВЕРТАЦИЯЛООНУН ЖАНА ЭСЕПТЕШҮҮНҮН ТАРТИБИ

6.1. Карта боюнча операция Карта эсебинин валютасынан айырмалуу валютада жүргүзүлгөн учурда операциянын суммасы төлөмдүк тутумдун эсептешүү валютасына төлөмдүк тутумдун курсу боюнча конвертацияланат жана Банкка операцияны иштетүү үчүн № 8 тиркемеге ылайык берилет. Банк төлөмдүк тутумдун конвертациялык курсунун өлчөмүнө жана аныктоо мөөнөттөрүнө, ошондой эле Банктын төлөмдүк тутумдан операцияны алышынын убактысына таасир эте албайт.
6.2. Төлөмдүк тутумдун эсептешүү валютасы Карта эсебинин валютасына дал келбеген учурда Банк операциянын төлөмдүк тутумдан түшкөн суммасын Карта эсебинин валютасына Банктын курсу боюнча конвертациялайт. Бул учурда операция жүргүзүлгөн учурдагы курс аны Банктын тутумунда иштеткен учурдагы курстан айырмаланышы мүмкүн, ал операция жүргүзүлүп жаткан учурдагы сумма менен иш жүзүндө жүргүзүлгөн операциянын суммасынын ортосунда айырманын жаралышына алып келиши мүмкүн, ал эсеп боюнча көчүрмөдө чагылдырылат.

## 7. КЕЛИШИМДИН ИШТӨӨ МӨӨНӨТҮ ЖАНА АНЫ ҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

7.1. Бул Келишим Кардар ушул Жарыя-сунушту Жарыя-сунуштун 2.2. пунктуна ылайык кабыл алган күндөн баштап түзүлдү деп эсептелет жана аны үзгөн (токтоткон) учурга чейин иштейт.
7.2. Келишим төмөнкүдөй үзүлүшү мүмкүн:

- Кардар тарабынан – карта-эсепти жабуу жөнүндө арыз формасында Банкка жазуу түрүндө билдирүү менен;
- Банк тарабынан – Кардар Келишимдин шарттарын аткарбаган учурда;
- Банк тарабынан – эсеп боюнча 12 айдан ашык кыймыл болбогон учурда.

## 8. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ТАРТИБИ

8.1. Ушул Макулдашууну аткаруунун жүрүшүндө тараптардын ортосунда келип чыккан бардык пикир келишпестиктер сотко чейинки тартипте чечилет, ал эми келип чыккан пикир келишпестиктерди чечүү мүмкүн болбосо, Кыргыз Республикасынын сотторунда каралат.

8.2. 8.1-пункттун кароо шарттары. "Банктар жана банк иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык 30 (отуз) күндүн ичинде каралат.

## 9. ФОРС-МАЖОР

9.1. Жеңилгис күч жагдайлары (форс-мажор) жаралган учурда Тараптар Келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат, бул учурда милдеттенмелерди аткаруунун мөөнөтү мындай жагдайлар жана алардын кесепеттери таасир эткен убакытка өлчөмдөш жылдырылат.
9.2. Тараптардын ар биринин Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруунун мөөнөтү ушул Келишимдин 9.1. пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлардын таасир эткен мезгилине узартылат.
9.3. Ушул Келишимдин 9.1. пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлардын таасирине дуушар болгон Тарап экинчи Тарапты жеңилгис күчтүн таасири менен байланышкан тоскоолдук жана анын Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга тийгизген таасири жөнүндө аталган жагдайлар жаралган учурдан баштап 5 (беш) иш күнү ичинде билдирүүгө жана кийинки 10 (он) иш күнү ичинде форс-мажордук жагдайлардын болуу фактысын жана таасиринин узактыгын тастыктоо үчүн компетенттүү уюмга кайрылганынын далилдерин тапшырууга тийиш. Эгер жогоруда аталган жагдайлардын таасирине дуушар болгон тарап ыйгарым укуктуу органдын тастыктоосун тапшырбаса, анда ал ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбаганынын же талаптагыдай эмес аткарганынын негизи катары аталган жагдайларга шилтеме кылуу укугунан ажырайт.

## 10. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

10.1. Бул Келишим боюнча Кардар бул Келишимдин шарттары, Банктын www.cbk.kg сайтында жайгаштырылган Тарифтер жана Эрежелер, «MBank» кызматын пайдалануунун Эрежелери (№7 тиркеме), «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын MBank кызматынын купуялуулук саясаты (№6 тиркеме) менен таанышканын жана макул экенин тастыктайт, ошондой эле бул Жарыя-сунуштун шарттарынын жана ушул Келишимди түзүүгө байланышкан Банктын Тарифтеринин өзгөрүүлөрүн көзөмөлдөп турууга милдеттенет.
10.2. Маяналык долбоордун алкагындагы банктык тейлөөнүн шарттары жана Тарифтери уюм менен түзүлгөн Кызмат көрсөтүү келишиминде аныкталат.
10.3. Бул Келишим Кардардын жазуу түрүндөгү арызы боюнча каалаган учурда үзүлүшү мүмкүн.
10.4. Бул Келишим үзүлгөн учурда эсептеги акча каражаттарынын калдыгы Кардарга берилет, же анын көрсөтмөсү боюнча Кардардын тиешелүү жазуу түрүндөгү арызы алынган күндөн баштап 5 (беш) күндөн кечиктирилбей башка эсепке которулат.
10.5. Келишимге кирбеген башка шарттар Мыйзамдар тарабынан жөнгө салынат.

## 11. БАНКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ

**«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКы**
Дареги: Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 54А
Индекс: 720033

ИНН: 02712199110068
ОКПО: 20137117
БИК: 103001

**MBANKтын кызмат көрсөтүүсү аркылуу жеке жактын талап кылганга чейинки карталык эсебинин келишимине МӨӨНӨТТҮҮ «ТОПТООЧУ» ДЕПОЗИТИН АЧУУГА МАКУЛДАШУУ**

## 1. АМАНАТТЫН ШАРТТАРЫ

1.1. Банк Кардарга талап боюнча карта-эсепке кошумча түрдө **«Топтолмо»** мөөнөттүү аманатын (мындан ары – Аманат же банктык салым) тариздейт.
1.2. Банк Аманаттык эсепти тейлөөнү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Аманаттын шарттарына жана Банктын сайтында: www.cbk.kg жайгаштырылган Банктын тарифтерине ылайык жүргүзөт.
1.3. MBANK кызматы аркылуу ачылган «Топтолмо» аманаттары үчүн минималдык сумма жок.
1.4. Депозит Кардарды Келишим менен аныкталган идентификациялоо жана аутентификациялоо каражаттарын пайдалануу менен MBANK кызмат көрсөтүүсү аркылуу тариzделген Кардардын Депозитин ачууга электрондук тескеменин негизинде MBANK кызмат көрсөтүүсү аркылуу аралыктан ачылат.
1.5. Банк калдык нөлгө барабар болгон учурда Кардарга бул тууралуу кабарлабастан туруп, эсеп ачылган датадан баштап 3 айдын ичинде депозиттик эсепти жабууга укуктуу.
1.6. Кардар аманаттык эсепти толуктай алат, бирок акча каражаттарын алуу же которуу укугуна ээ болбойт.
1.7. Банк депозиттик эсепти ачкан учурга карата колдонуудагы пайыздык коюмдарга («Топтоочу» депозитинин пайыздык схемасы) ылайык пайыздарды Депозиттик эсепке кошуп эсептөөнү жүргүзөт *(«Топтоочу» депозитке активдүү шилтемени тиркеңиз).* Депозит боюнча пайыздык коюм Депозиттин мөөнөтү аяктаганга чейин өзгөрбөс бойдон калат.
1.8. Аманатка пайыздар күн сайын ар бир кошумча төгүмгө кошуп эсептелет жана сумманын Кардардын Аманатында турган мезгилине көз каранды болот.
1.9. Аманаттын суммасына пайыздар анын Банкка түшкөн күнүнөн кийинки күндөн баштап акча каражаттарын Аманатчыга кайтарып берген күнгө чейин кошуп эсептелет.
1.10. Пайыздарды кошуп эсептөө үчүн эсептешүү базасы болуп Аманаттын Банкта сактоодо турган календарлык күндөрүнүн иш жүзүндөгү саны, ал эми жылдагы күндөрдүн саны катары 365ке (толук жылда – 366га) барабар болгон календарлык күндөрдүн саны эсептелет.
1.11. Аманатка кошуп эсептелген пайыздарды төлөп берүү айдын акыркы иш күнүндө жүргүзүлөт жана талап боюнча карта-эсепке которулат.
1.12. Аманаттын максималдуу мөөнөтү, Макулдашууну мөөнөтүнөн мурда үзүү мүмкүнчүлүгү бар болуп, 12 айды түзөт.
1.13. Аманаттын мөөнөтү аяктагандан кийин Аманаттын суммасы талап боюнча карта-эсепке которулат жана талап боюнча аманаттын шарттарында иштейт.
1.14. Эгер Аманатты кайтарып берүү күнү банктык иш күнүнө туура келбей калса, анда Аманатты жана ага кошуп эсептелген пайыздарды которуу бул күндөн кийинки иш күнүндө жүргүзүлөт.
1.15. Макулдашуу Кардардын демилгеси менен мөөнөтүнөн мурда үзүлгөн учурда Банк жайгаштырылган Аманаттын суммасын жана Макулдашуу үзүлгөн учурда иштеп турган пайыздык ченге ылайык ага кошуп эсептелген пайыздарды кайтарып берүүнү жүргүзөт.
1.16. Макулдашуу Кардар Аманаттык эсепке акча каражаттарын киргизген учурдан баштап күчүнө кирет жана Тараптар Макулдашуу боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаргандан кийин токтотулат.
1.17. Банк банктык Аманаттын жашыруундугун Мыйзамдарга ылайык кепилдейт.
1.18. Ушул келишимдин алкагында салынган Депозит Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, өлчөмдө жана шарттарда камсыздандырылган.
1.19. Мөөнөттүү депозит боюнча эсепти ачуунун бардык башка олуттуу шарттары Кардардын тиешелүү арызында көрсөтүлөт.

## 2. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ

**«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКы**
Дареги: Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 54А
Индекс: 720033
ИНН: 02712199110068
ОКПО: 20137117
БИК: 103001

## МӨӨНӨТТҮҮ «ОПТИМАЛДУУ» ДЕПОЗИТИН АЧУУГА МАКУЛДАШУУ

**MBANKтын кызмат көрсөтүүсү аркылуу жеке жактын талап кылганга чейинки карталык эсебинин келишимине**

## 2. ДЕПОЗИТТИН ШАРТТАРЫ:

2.1. Банк Кардарга картасына – талап кылганга чейинки эсебине кошумча катары мөөнөттүү **«Оптималдуу»** депозитти (мындан ары – Депозит же Банктык салым) тариздейт.

2.2. Депозитти ачуу Кардарды Келишим менен аныкталган идентификациялоо жана аутентификациялоо каражаттарын пайдалануу менен MBANK кызмат көрсөтүүсү аркылуу тариздетген Кардардын Депозитин ачууга электрондук тескеменин негизинде MBANK кызмат көрсөтүүсү аркылуу аралыктан жүзөгө ашырылат.

2.3. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына (мындан ары – мыйзамдар), Депозиттин шарттарына жана Банктын www.cbk.kg сайтында жайгаштырылган Банктын тарифтерине ылайык депозиттик эсепти тейлөөнү жүзөгө ашырат.

2.4. Депозитти ачууга электрондук тескеменин негизинде Банк Кардарга мөөнөттүү депозиттин эсебин ачууга, Кардардан акча каражаттарын (Депозит) кабыл алууга, депозиттин суммасын кайтарып берүүгө жана ушул Келишимде жана тиешелүү Арызда каралган тартипте пайыздарды төлөп берүүгө милдеттенет.

2.5. Акча каражаттарын макулдашылган шарттарда аманатка жайгаштырууну тастыктоо катары Кардар тарабынан MBANKта Депозит ачууга тескеме саналат, мында Кардар Банк менен жазуу түрүндөгү Келишимге барабар болгон мөөнөттүү депозит жөнүндө келишим түзгөндүгүнө макул болот жана аны тастыктайт.

2.6. Улуттук валютада Депозиттик эсепти ачуу үчүн минималдык сумма 1 000 (бир миң) сомду, АКШ доллары менен – 100 (Жүз) АКШ доллары, орус сому менен - 1 000 (Бир миң) рубль, евро менен – 100 (Жүз) евро түзөт.

2.7. Депозиттик эсепке Кардар акча каражаттарын өз алдынча салат, же MBANK тын кызмат көрсөтүүсү аркылуу өзүнүн эсебинен/карт-эсебинен депозиттик эсепке акча каражаттарын чыгарууга Банкка тескеме бере алат.

2.8. Депозиттик эсеп боюнча Кардар баяндоого, сүрөткө тартууга же акча каражаттарын которууга укугу жок.

2.9. Банк депозиттик эсепти ачкан учурга карата колдонуудагы пайыздык коюмдардын (**«Оптималдуу»** депозитинин пайыздык схемасы) пайыздык коюмуна ылайык пайыздарды Депозиттик эсепке кошуп эсептөөнү жүргүзөт *(«Оптиммалдуу» депозитке активдүү шилтемени тиркеңиз).* Депозит боюнча пайыздык коюм Депозиттин мөөнөтү аяктаганга чейин өзгөрбөс бойдон калат.

2.10. Депозиттин суммасына пайыздар акча каражаттары депозиттик эсепке түшкөн күндөн кийинки күндөн баштап, кардарга акча каражаттарын кайтарып берген күнгө чейин ошуп эсептелет

2.11. Депозиттин суммасына пайыздарды кошуп эсептөө айдын акыркы жумушчу күнү жүргүзүлөт. Депозиттин суммасына пайыздар акча каражаттарын салган күнү жана Депозитти жапкан күнү кошуп эсептелбейт.

2.12. Пайыздарды кошуп эсептөө үчүн эсептешүү базасы болуп Депозиттин Банкта сактоодо болгон календардык күндөрдүн иш жүзүндөгү саны эсептелет, ал эми бир жылдагы күндөрдүн саны 365 күнгө (366- толук жыл) барабар календардык күн саналат.

2.13. Депозит боюнча кошуп эсептелген пайыздарды төлөө айдын акыркы жумушчу күнү жүргүзүлөт жана пайдаланууга чейин карт-эсепке которулат.

2.14. Макулдашууну мөөнөтүнөн мурда бузуу мүмкүнчүлүгү менен, депозиттин сом жана орус рубли менен максималдык мөөнөтү 36 айды, АКШ доллары жана евро менен 12 айды түзөт.

2.15. Депозиттин мөөнөтү аяктагандан кийин Депозиттин суммасы талап кылганга чейинки карт-эсепке которулат жана талап кылганга чейинки депозиттин шартында иштеп турат.

2.16. Эгер Депозитти кайтарып берүү датасы жумушчу эмес банктык күнгө туш келсе, Депозиттин жана ал боюнча кошуп эсептелген пайыздардын суммасын которуу ал датадан кийинки жумушчу күнү жүргүзүлөт.

2.17. Кардардын демилгеси боюнча Макулдашууну мөөнөтүнөн мурда бузган учурда Депозит талап кылганга чейинки эсебинин тарифи боюнча төлөнөт, ал эми кардарга мурда төлөнгөн пайыздар кайра эсептешүүгө жана аны берип жатканда Депозиттин суммасынан айырманы кармап калууга жатат.

2.18. Кардар Депозиттик эсепке акча каражатын салган мөөнөттөн баштап Макулдашуу күчүнө кирет жана Тараптар макулдашуу боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаргандан кийин токтотулат.

2.19. Ушул келишимдин алкагында салынган Депозит Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, өлчөмдө жана шарттарда камсыздандырылган.

2.20. Мөөнөттүү депозит боюнча эсепти ачуунун бардык башка олуттуу шарттары Кардардын тиешелүү арызында көрсөтүлөт.

## 3. БАНКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ

**«КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКы**
дареги: Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 54А
Индекс: 720033
ИНН: 02712199110068
ОКПО: 20137117
БИК: 103001

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
физикалык жакты банктык тейлөө Келишимин түзүүгө
Жалпы жарыя-сунушка
**№1 Тиркеме**

Фотосүрөттү текшерүү аркылуу аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо учурундагы операциялар жана лимиттер

| | Операциянын тиби | Орнотулган чектөөлөр |
|---|---|---|
| 1 | Товарларды жана кызматтарды төлөө максатында которуулар (резидент-алуучулардын пайдасына) | Операциянын максималдуу суммасы: 30 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 60 000 сом.<br>Жогорку тобокелдиктүү уюмдарга төлөмдөргө тыюу салынган. |
| 2 | Товарларды жана кызматтарды төлөө максатында которуулар (резидент эмес-алуучулардын пайдасына) | Операциянын максималдуу суммасы: 30 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 60 000 сом. |
| 3 | Физикалык жактардын ортосундагы (резиденттердин ортосундагы) которуулар | Операциянын максималдуу суммасы: 15 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 30 000 сом.<br>Төлөөчү жана алуучу кардарды талаптагыдай текшерүүнүн эң керминде жөнөкөйлөтүлгөн процедурасынан өтүүгө милдеттүү. |
| 4 | Которуулар (резидент эместин катышуусу менен) | Операциянын максималдуу суммасы: 15000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 30 000 сом.<br>Кыргыз Республикасынын резиденти кардарды талаптагыдай текшерүүнүн эң керминде  жөнөкөйлөтүлгөн процедурасынан өтүүгө милдеттүү. |
| 5 | Мамлекеттик бюджеттин пайдасына которуулар | Чектөөсүз |
| 6 | Нак акча / төлөмдүк карта алуу | Кардар банктын бөлүмүндө толук идентификациядан өтүүгө тийиш. |
| 7 | Юридикалык жактан же жеке ишкерден физикалык жактын пайдасына которуулар | Тыюу салынган, мурун жүргүзүлгөн төлөмдү кайтарууга байланыштуу жүргүзүлгөн операциядан тышкары (мисалы, товардан же кызматтан баш тартууга байланыштуу) |
| 8 | Банктык чектелген эсепти толуктоо | Максималдык балanska лимиттин алкагында чектөөсүз |
| 9 | Балanstагы калдыкка талаптар | Уруксат берилген максималдуу сумма 30 000 сом |

Видеобайланыш колдонуу менен аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо учурундагы операциялар жана лимиттер

| | Операциянын тиби | Орнотулган чектөөлөр |
|---|---|---|
| 1 | Товарларды жана кызматтарды төлөө максатында которуулар (резидент-алуучулардын пайдасына) | Операциянын максималдуу суммасы: 200 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 400 000 сом. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Жогорку тобокелдиктүү коммерциялык эмес уюмдарга төлөмдөргө тыюу салынган. |
| 2 | Товарларды жана кызматтарды төлөө максатында которуулар (резидент эмес-алуучулардын пайдасына) | Операциянын максималдуу суммасы: 200 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 400 000 сом. |
| 3 | Физикалык жактардын ортосундагы (резиденттердин ортосундагы) которуулар | Операциянын максималдуу суммасы: 100 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 200 000 сом. |
| 4 | Физикалык жактардын ортосундагы которуулар (бир тарабы резидент эмес) | Операциянын максималдуу суммасы: 100 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги которуулардын суммасы: 200 000 сом. |
| 5 | Мамлекеттик бюджеттин пайдасына которуулар | Чектөөсүз |
| 6 | Нак акча алуу | Операциянын максималдуу суммасы: 100 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги операциялардын суммасы: 200 000 сом. |
| 7 | Насыя алуу | Операциянын максималдуу суммасы: 15 000 сом;<br>Бир ай ичиндеги операциялардын суммасы: 30 000 сом. |
| 8 | Электрондук акчаларды жоюу/өз эсептерине которуу | Акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын резидентинин НПКнын стандарттык процедураларын жүргүзүү менен ачылган өздүк банктык эсебине киргизүү менен чектөөсүз |
| 9 | Юридикалык жактан же жеке ишкерден физикалык жактын пайдасына которуулар | Тыюу салынган, мурун жүргүзүлгөн төлөмдү кайтарууга байланыштуу жүргүзүлгөн операциядан тышкары (мисалы, товардан же кызматтан баш тартууга байланыштуу) |
| 10 | Банктык чектелген эсепти толуктоо | Максималдык балanска лимиттин алкагында чектөөсүз |
| 11 | Балансдагы калдыкка талаптар | 200 000 сом |

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
физикалык жакты банктык тейлөө Келишимин түзүүгө
Жалпы жарыя-сунушка
**№2 Тиркеме**

**Субъектинин өз жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө (Макулдугуна/Кайра чакыртууга) арызы**

| | | |
|---|---|---|
| **1. Жеке маалыматтардын субъектисинин реквизиттери** | | |
| 1.1 ПИН | | |
| 1.2 Фамилия | | |
| 1.3 Аты | | |
| 1.4 Атасынын аты | | |
| 1.5 Туулган күнү | | |
| 1.6 Паспорт боюнча дареги | | |
| 1.7 Жашаган дареги | | |
| 1.8 Паспортунун сериясы жана номуру | | |
| 1.9 Паспортунун берилген күнү | | |
| 1.10 Паспортун берген орган | | |
| 1.11 Телефон номуру | | |
| 1.12 Электрондук почтасынын дареги | | |
| **2. Ишенимдүү өкүлүнүн реквизиттери (ишеним каты болгон учурда** | | |
| 2.1 ПИН | | |
| 2.2 Фамилия | | |
| 2.3 Аты | | |
| 2.4 Атасынын аты | | |
| 2.5 Туулган күнү | | |
| 2.6 Паспорт боюнча дареги | | |
| 2.7 Жашаган дареги | | |
| 2.8 Паспортунун сериясы жана номуру | | |
| 2.9 Паспортунун берилген күнү | | |
| 2.10 Паспортту берген орган | | |
| 2.11 Негиз (ишеним кат, мыйзам, башка укуктук акт) | | |
| **3. Жеке маалыматтарды иштетүүчүнүн реквизиттери** | | |
| 3.1 ИНН | | |
| 3.2 БИК (коммерциялык банктар үчүн) | | |
| 3.2 Аталышы | | |
| 3.3 Дареги | | |
| 3.4 Кызматкердин аты-жөнү | | |
| 3.5 Кызматкердин кызматы | | |
| **4. Жеке мүнөздөгү маалымат (Бирөөнү тандаңыз)** | | |
| 4.1 Жеке камсыздандыруу эсебинен эмгек акы фондусун көрсөтүү менен маалыматтар | *Ооба* | Жок |
| 4.2 Пенсиялык иштен пенсиянын өлчөмүн көрсөтүү менен маалыматтар | *Оаба* | Жок |
| **5. Жеке маалыматтарды иштетүү** | | |
| 5.1 Макулдуктун башталган күнү (кол коюлган күн) | | |
| 5.2 Макулдуктун аяктаган күнү (аяккы күн) | 01.01.2030 г. | |
| 5.3 Орду (калктуу пункт, дареги) | | |
| ***Макулдук берүү учурунда таанышуу жана кол коюу үчүн пункттардын тизмеги*** | | |
| Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды мага «Жарандарга жеке камсыздандыруу эсебинен маалымат | *[Аты-жөнү кол жазма менен]* | |

| | |
|---|---|
| берүү» жана/же «Пенсиялык иштен маалымат берүү» мамлекеттик кызматын көрсөтүү максатында Банкка тапшырам | *[Колу]* |
| Мен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун менин жеке мүнөздөгү маалыматтарымды Жеке маалыматтарды иштетүүчүгө беришине макулдугумду эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз эрким менен берем. | *[Аты-жөнү кол жазма менен]*<br>*[Колу]* |
| Мен жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук ушул Макулдукта көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин жарамдуу экенин билем. | *[Аты-жөнү кол жазма менен]*<br>*[Колу]* |
| Мен Жеке маалыматтарды иштетүүгө Макулдук Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна эркин формада берилген арыздын негизинде ушул Макулдуктун жарамдуулук мөөнөтү аяктаганга чейин кайра чакыртылышы мүмкүн экенин билем. | *[Аты-жөнү кол жазма менен]*<br>*[Колу]* |
| Мен ушул жеке маалыматтарды иштетүүгө Макулдук кайра чакыртылган же жарамдуулук мөөнөтү аяктаган учурда менин жеке маалыматтарымды иштетүү Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экенин билем. | *[Аты-жөнү кол жазма менен]*<br>*[Колу]* |
| ***Кайра чакыртуу учурунда таанышуу жана кол коюу үчүн пункттардын тизмеги*** | |
| Мен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Жеке маалыматтарды иштетүүчүгө менин жеке мүнөздөгү маалыматтарымды берүүгө макулдугумду кайра чакыртып алууга макулдугумду эркин, аң-сезимдүү  түрдө, өз эрким менен берем. | *[Аты-жөнү кол жазма менен]*<br>*[Колу]* |
| Менин жеке маалыматтарымды иштетүү Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экенин билем. | *[Аты-жөнү кол жазма менен]*<br>*[Колу]* |

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
физикалык жакты банктык тейлөө Келишимин түзүүгө
Жалпы жарыя-сунушка
**№3 Тиркеме**

**Жеке маалыматтардын субъектисинин**
**өз жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугунун**
**ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ**

Мен, ______________________________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ПИН: _________________________________________

Инсандыгымды күбөлөндүргөн документ: _______________________ серия ___________ № _____

(документтин түрү)

берилген: _____________________________________________________________________

(берилген күнү, берүүчү органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дарегим: ______________________________________________________

_______________________________________________________________________________

Катталган дарегим: _____________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

Байланыш телефону: ___________________________ эл.почта _______________________________

______________________________________________________________________________

макулдугумду берем

(уюмдун аталышы жана дареги)

_______________________________________________________________________________

 менин жеке маалыматтарымды иштетүүгө (жеке маалыматтарды жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу);

 менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык берүүгө.

 менин жеке маалыматтарымды насыялык бюролорго Кыргыз Республикасынын «Насыялык маалыматтар менен алмашуу жөнүндө» Мыйзамына ылайык андан ары иштетүү (жеке маалыматтарды жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу) үчүн берүүгө.

жеке маалыматтарымдын жана алардын өзгөрүүсү жөнүндө маалыматтардын төмөнкү тизмегине ылайык: улуттук паспорттун тиби, ПИН, аты-жөнүм, туулган күнүм, документтин номуру, документти берген органдын аталышы жана анын коду, берилген күнү, жарамдуулук мөөнөтү, жынысым, бетимдин санариптик сүрөтү, жашаган жерим, үй-бүлөлүк абалым.

Жеке маалыматтарымды жыйноонун жана иштетүүнүн жалгыз максаты: _______________________________________________________________________________.

Бул макулдук жеке маалыматтардын же жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган документтердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин берилет.

Жеке маалыматтарды иштетүү макулдук субъект тарабынан эркин формадагы жазуу түрүндөгү арыздын негизинде кайра чакыртып алынышы мүмкүн. Бул макулдук кайра чакыртып алынган учурда, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 5- жана 15-беренелерине ылайык, жеке маалыматтарды иштетүү толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Субъект жазуу түрүндөгү суроо-талап боюнча өзүнүн жеке маалыматтарын иштетүүгө тиешелүү маалыматтарды алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21-ноябрь, 2017-жылдагы №759 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын жоболору менен, Жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө макулдугун алуунун Тартиби менен, жеке маалыматтардын субъектилерине алардын

жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө билдирүүнүн тартиби жана формасы менен таанышканымды тастыктайм.
Жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.
Күнү: ____________________ __________________________________ ______________________
(күн, ай, жыл), Аты-жөнү, Колу

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
физикалык жакты банктык тейлөө Келишимин түзүүгө
Жалпы жарыя-сунушка
**№4 Тиркеме**

*Макулдук-арыз*

Биз, төмөндө кол коюучулар, «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын (мындан ары – Банк) Кардарлары болуп саналабыз, ушуну менен «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин биз жөнүндө каалаган маалыматтарды насыялык тарыхтарды түзүүнү жана аларды каржы-насыялык мекемелердин жана башка юридикалык/физикалык жактардын арасында алмашууну жүргүзгөн Насыялык бюролордон, анын ичинде «Ишеним» Насыялык бюросу ЖАКынан тобокелдиктерди (анын ичинде насыялык тобокелдиктерди) төмөндөтүү, ашкере карыз болууну болтурбоо жана насыяны/зайымды/каржылоону/банктык кепилдикти жана башка насыя алмаштыргычтарын кароо жана берүү процедурасын жөнөкөйлөтүү максатында мөөнөтсүз сактоого жана/же берүүгө жана/же алууга макулдугубузду өз ыктыярыбыз менен беребиз.

Ошондой эле насыя алууга өтүнмө/насыя каржылоонун белгилүү бир Программасына/Долбооруна туура келип, ал каржылоо Программасы/Долбоору боюнча каржылоо шарттарынын аткарылыш процессин көзөмөлдөөчү тиешелүү мамлекеттик жана башка органдарга, юридикалык жана башка жактарга маалыматтарды Банк акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышына көзөмөл жүргүзүү үчүн отчетторду тапшырууга тийиш болгон учурда маалыматтарды мөөнөтсүз сактоого жана/же тиешелүү мамлекеттик жана башка органдарга, юридикалык жана башка жактарга берүүгө жана/же алууга макулдугубузду өз ыктыярыбыз менен беребиз.

Бул маалыматтарга биз жөнүндө маалыматтар (физикалык жактын аты-жөнү/юридикалык жактын аталышы, жынысы, туулган күнү, жашаган/бизнес жүргүзгөн дареги жана каалаган ушундай мурунку даректер, ишмердиктин теги жана түрү ж.б.), биз «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынан алган насыялар/банктык кепилдиктер жана башка насыялык алмаштыргычтар (насыянын түрү, насыянын суммасы, субъектинин ролу, арыз берген күнү, төлөмдөрдүн тарыхы жөнүндө толук маалыматтар, жоюла элек калдык, дефолттун суммасы жана бул эсеп боюнча карыздын жалпы суммасы, кепилдөөчүлөр/гаранттар, күрөө берүүчүлөр жана насыя берүүчүлөрдүн алдында милдеттенмелери жаралган же бар башка жактар) жөнүндө маалыматтар, биздин насыялар боюнча өз милдеттенмелерибизди аткарбаганыбызга же талаптагыдай эмес аткарганыбызга байланыштуу бизге карата кабыл алынган чаралар жөнүндө жана документтерди кароо жана тариздөө мезгилинде, Мурабаха бүтүмүн түзүү процессинде жана бул бүтүм боюнча карызды жоюу учурунда «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКына белгилүү болгон башка маалыматтар кирет.

Ошол эле учурда биз тараптан берилген бардык маалыматтарды пайдалануунун тыкыр купуялуулугу «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКы тарабынан кепилденет.

Ошондой эле бизге бул документ «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын насыя берүү боюнча милдеттенмесин жаратпай турганы түшүндүрүлдү.

______________//_________________________ __________//________________________________

/колу/ /Кардардын аты-жөнү /колу/ /Кардардын жубайынын аты-жөнү

***<u>Насыялык маалыматтардын субъектилеринин колтамгаларынын аныктыгы үчүн жоопкерчиликти Карызгер алып жүрөт. (Эгер колтамгалар бул адамдардын колтамгалары менен дал келбесе, Банк насыя берүүдөн баш тартууга укуктуу).</u>***

| | | | |
|---|---|---|---|
| _________________// | _____________________________ | ____________________// | ______________________ |
| /колу/ | №1 Субъектинин аты-жөнү | /колу/ / | №5 Субъектинин аты-жөнү |
| _________________// | _____________________________ | ____________________// | ______________________ |
| /колу/ | /№2 Субъектинин аты-жөнү | /колу/ / | №6 Субъектинин аты-жөнү |
| _________________// | _____________________________ | ____________________// | ______________________ |

/колу/ /№3 Субъектинин аты-жөнү /колу/ /№7 Субъектинин аты-жөнү

________________//____________________________ ___________________//_______________________

/колу/ /№4 Субъектинин аты-жөнү /колу/ /№8 Субъектинин аты-жөнү

Макулдук-арыздын толтурулган жана кол коюлган күнү «___» _____________ 20__ж.

**Насыялык бюро** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коммерциялык уюм болуп саналган жана насыялык маалымат алмашууну жүргүзүү боюнча кызмат көрсөткөн юридикалык жак.

**Кардар** – белгилүү бир насыя/зайым/каржылоо менен байланышкан физикалык же юридикалык жак (карызгер/лизинг берүүчү/күрөө берүүчү/кепилдөөчү/гарант ж.б.)

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
физикалык жакты банктык тейлөө Келишимин түзүүгө
Жалпы жарыя-сунушка
**№5 Тиркеме**

**Субъектинин өз жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө (Макулдукка/Кайра чакыртууга) арызы**

Мен, ______________________________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ПИН: ___________________________________________

Инсандыгымды күбөлөндүргөн документ: ________________________ серия ____________ № _____

(документтин түрү)

берилген: __________________________________________________________________________

(берилген күнү, берүүчү органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дарегим: ___________________________________________________________

______________________________________________________________________________________

Катталган дарегим: ____________________________________________________________________

______________________________________________________________________________________

Байланыш телефону: ____________________________ эл.почта __________________________________

_________________________________________________________________________________

макулдугумду берем

_____________________________________________________________________________________

(уюмдун аталышы жана дареги)

менин жеке маалыматтарымды, **салыктык жашыруун сырды түзүүчү маалыматтарды** иштетүүгө (жеке маалыматтарды жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу);

менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык берүүгө.

менин жеке маалыматтарымды насыялык бюроолорго Кыргыз Республикасынын «Насыялык маалыматтар менен алмашуу жөнүндө» Мыйзамына ылайык андан ары иштетүү (жеке маалыматтарды жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу) үчүн берүүгө.

Жеке маалыматтардын жана алардын өзгөрүүлөрү жөнүндө маалыматтардын төмөнкү тпзмегине ылайык:

1) салык төлөөчүнүн реквизиттери жөнүндө (салык төлөөчүнүн аталышы же фамилиясы, аты, атасынын аты), ошондой эле салык төлөөчүнүн идентификациялык номуру;

2) салык төлөөчү моюнга алган салыктык карызынын суммасы жөнүндө;

3) салык төлөөчүнүн бардык мурун алынган жана учурдагы патенттери жөнүндө.

Жеке маалыматтарды жыйноо, иштетүү *насыя берүү жана башка банктык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө чечим кабыл алуу* максатында гана жүргүзүлөт.

Бул макулдук жеке маалыматтардын же жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган документтердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин берилет.

Жеке маалыматтарды иштетүү макулдук субъект тарабынан эркин формадагы жазуу түрүндөгү арыздын негизинде кайра чакыртып алынышы мүмкүн. Бул макулдук кайра чакыртып алынган учурда, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 5- жана 15-беренелерине ылайык, жеке маалыматтарды иштетүү толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Субъект жазуу түрүндөгү суроо-талап боюнча өзүнүн жеке маалыматтарын иштетүүгө тиешелүү маалыматтарды алууга укуктуу (Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21-ноябрь, 2017-жылдагы №759 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын жоболору менен, Жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана

иштетүүгө макулдугун алуунун Тартиби менен, жеке маалыматтардын субъектилерине алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө билдирүүнүн тартиби жана формасы, Кыргыз Республикасынын салыктык жашыруун сырга тиешелүү салык мыйзамдары менен таанышканымды тастыктайм.

Жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

Күнү: ____________________ ________________________________________ ___________________________

(күн, ай, жыл), Аты-жөнү, Колу

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
Физикалык жакты банктык тейлөө келишимин
түзүүгө Жалпы жарыя-сунушка
**№6 тиркеме**

# «КОММЕРЦИЯЛЫК БАНК КЫРГЫЗСТАН» ААКЫНЫН MBANK КЫЗМАТЫНЫН КУПУЯЛУУЛУК САЯСАТЫ

Бул Жеке маалыматтардын купуялуулугу саясаты (мындан ары – Купуялуулук саясаты) «MBANK» кызматын пайдалануу учурунда «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» Колдонуучу жөнүндө алышы мүмкүн болгон бардык маалыматтарга карата иштейт.

1. Терминдердин аныктамасы

1.1. Бул Купуялуулук саясатында төмөнкү терминдер колдонулат:
1.1.2. **«Жеке маалыматтар»** - аныкталган же аныкталуучу физикалык жакка (жеке маалыматтардын субъектисине) тике же кыйыр түрдө тиешелүү болгон каалаган маалымат.
1.1.3. **«Жеке маалыматтарды иштетүү»** - автоматташтыруу каражаттарын колдонуп же мындай каражаттарды колдонбостон жеке маалыматтар менен жүргүзүлүүчү каалаган аракет (операция) же аракеттердин (операциялардын) жыйындысы, анын ичинде жеке маалыматтарды жыйноо, жазуу, тутумдаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңылоо, өзгөртүү), алып чыгуу, пайдалануу, берүү (таркатуу, тапшыруу, уруксат берүү), ээсиздендирүү, тосмолоо, өчүрүү, жок кылуу.
1.1.4. **«Жеке маалыматтардын купуялуулугу»** - жеке маалыматтардын субъектисинин (Колдонуучунун) макулдугусуз же башка мыйзамдуу негизсиз аларды таркатууга жол бербөөнүн Кызмат жеткирүүчү сактоого милдеттүү болгон талабы.
1.1.5. **«Колдонуучу»** - аралыктан/дистанциондук тейлөө тутуму аркылуу банктык жана төлөмдүк кызматтарды пайдалануучу физикалык жак.
1.1.6. **«Аралыктан/дистанциондук тейлөө кызматтарын жеткирүүчү (кызмат жеткирүүчү)»** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган айрым банктык жана төлөмдүк кызматтарды ишке ашырууга Улуттук банктын лицензиясына/күбөлүгүнө ээ болгон банктар, банктык эмес каржы-насыя уюмдары (мындан ары – БЭКНУ), төлөмдүк тутумдардын операторлору жана төлөмдү уюмдар.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2.1. Колдонуучунун «MBANK» кызматын колдонушу анын ушул Купуялуулук саясатына жана Колдонуучунун жеке маалыматтарын иштетүүнүн шарттарына макулдугун билдирет.
2.2. Купуялуулук саясатынын шарттарына макул эмес болгон учурда Кардар «MBANK» кызматын колдонууну токтотууга тийиш.
2.3. Бул Купуялуулук саясаты «MBANK» кызматына гана колдонулат.

## 3. КУПУЯЛУУЛУК САЯСАТЫНЫН ПРЕДМЕТИ

3.1. Бул Купуялуулук саясаты «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын жеке маалыматтарды ачыкка чыгарбоо жана купуялуулугун коргоо режимин камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерин аныктайт.
3.2. Ушул Купуялуулук саясатынын алкагында иштетүүгө уруксат берилген жеке маалыматтар Банкка Колдонуучу тарабынан:
3.2.1. Колдонуучунун «MBANK» кызматын колдонгон учурда берилет.

## 4. КОЛДОНУУЧУНУН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫН ЖЫЙНООНУН МАКСАТТАРЫ

4.1. Колдонуучунун жеке маалыматтары Колдонуучуга «MBank» кызматынан пайдаланууга уруксат берүү максатында жана функционалын колдонуу мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

## 5. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮНҮН ЫКМАЛАРЫ ЖАНА МӨӨНӨТТӨРҮ

5.1. Колдонуучунун жеке маалыматтарын иштетүү мөөнөтү чектелбестен, каалаган мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде жеке маалыматтар маалыматтык тутумдарында автоматташтыруу каражаттарын колдонуп же мындай каражаттарды колдонбостон жүргүзүлөт.
5.2. Колдонуучунун жеке маалыматтары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган негиздер боюнча жана тартипте гана берилиши мүмкүн.
5.3. Кызмат жеткирүүчү Колдонуучунун жеке маалыматтарын үчүнчү жактардын мыйзамсыз же кокустан пайдаланышынан, жок кылышынан, өзгөртүшүнөн, тосмолошунан, көчүрүшүнөн, таркатышынан, ошондой эле башка мыйзамсыз аракеттеринен коргоо үчүн зарыл болгон уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрөт.
5.4. Эгер жеке маалыматтар Кардар тарабынан атайылап берилген болсо, же Кардардын күнөөсү боюнча үчүнчү жактарга кокустан белгилүү болуп калса, Кызмат жеткирүүчү жоопкерчилик тартпайт.

## 6. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ:

**6.1. Колдонуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:**
6.1.1. «MBANK» кызматынан пайдалануу үчүн зарыл жеке маалыматтарды тапшырууга.
6.1.2. Ушул Купуялуулук саясатынын 6.1.1. пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда тапшырылган жеке маалыматтарды жаңыртууга, толуктоого.
**6.2. Кызмат жеткирүүчү төмөнкүлөргө милдеттүү:**
6.2.1. Алынган маалыматтарды ушул Купуялуулук саясатынын 4-пунктунда көрсөтүлгөн максаттар үчүн гана колдонууга.
6.2.2. Купуя маалыматтардын жашыруун сакталышын камсыз кылууга, Колдонуучунун алдын ала жазуу түрүндөгү уруксатысыз ачыкка чыгарбоого, ошондой эле Колдонуучу берген жеке маалыматтарды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарында аныкталгандан тышкары, алмашууга, жарыялоого, же башка мүмкүн болгон ыкмалар менен ачыкка чыгарууга жол бербөөгө.
6.2.3. Колдонуучунун жеке маалыматтарынын купуялуулугун коргоо үчүн сактык чараларын учурдагы ишкерлик жүгүртүүдө мындай тектеги маалыматтарды коргоо үчүн адатта колдонулуучу тартипке ылайык кабыл алууга.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

7.1. Кызмат жеткирүүчү Кардардын жеке маалыматтарын, ушул Купуялуулук саясатынын 5.2. жана 5.4. пункттарында каралган учурлардан тышкары, мыйзамсыз колдонуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик алып жүрөт.
7.2. Кызмат жеткирүүчү сунушталган кызматтар үчүн, анын ичинде уруксатсыз операциялар үчүн, бул операциялар колдонуучунун өзүнүн күнөөсү менен жүргүзүлгөн учурлардан тышкары, аралыктан/дистанциондук тейлөө тутумунун тизмегине, тартибине жана шарттарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 8. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ

8.1. Колдонуучу менен Кызмат жеткирүүчүнүн ортосундагы мамилелерден келип чыккан талаштар боюнча доо менен сотко кайрылганга чейин доомат (талашты ыктыярдуу түрдө жөнгө салуу жөнүндө жазуу түрүндөгү сунуш) тапшыруу милдеттүү болуп саналат.

8.2. Дооматты алуучу дооматты алган күндөн баштап 30 календарлык күн ичинде доомат берүүчүгө дооматты карап чыгуунун натыйжалары жөнүндө жазуу түрүндө билдирет.
8.3. Макулдашуу жетишилбеген учурда талаш соттук органга Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык кароого берилет.
8.4. Бул Купуялуулук саясатына жана Колдонуучу менен Кызмат жеткирүүчүнүн ортосундагы мамилелерге Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдары колдонулат.

## 9. КОШУМЧА ШАРТТАР

9.1. Жаңы Купуялуулук саясаты, эгер Купуялуулук саясатынын ал жаңы редакциясында башка нерсе каралган эмес болсо, Банктын Сайтына жайгаштырылган учурдан баштап күчүнө кирет.
9.2. Учурдагы Купуялуулук саясаты www.cbk.kg дарегиндеги баракчада жайгаштырылган.

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
Физикалык жакты банктык тейлөө келишимин
түзүүгө Жалпы жарыя-сунушка
**№7 тиркеме**

# «MBANK» КЫЗМАТЫН КОЛДОНУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ
**(мындан ары – «Эрежелер»)**

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Аралыктан/дистанциондук тейлөө тутуму** – банкоматтарды, төлөмдүк терминалдарды, интернет-банкингди, электрондук капчыкты, уюлдук банкингди, уюлдук тиркемени жана аралыктан/дистанциондук тейлөөнүн башка ыкмаларын колдонуу менен банктык жана төлөмдүк кызматтарды аралыктан/дистанциондук ыкма менен сунуштоо үчүн колдонуучу менен кызмат жеткирүүчүнүн ортосундагы байланышты камсыз кылуучу телекоммуникация каражаттарынын, санариптик жана маалыматтык технологиялардын, программалык камсыздоолордун жана жабдуулардын жыйындысы.

**Кызмат жеткирүүчүнүн уюлдук тиркемеси (уюлдук тиркеме)** – кызмат жеткирүүчүгө банктык жана төлөмдүк кызматтарды аралыктан/дистанциондук ыкма менен колдонуучуга сунуштоого мүмкүндүк берүүчү аралыктан/дистанциондук тейлөө тутумунун аспаптарынын бири. Кызмат жеткирүүчүнүн уюлдук тиркемелерине «Төлөмдүк уюмдардын жана төлөмдүк тутумдардын операторлорунун ишмердигин жөнгө салуу жөнүндө» Жободо каралган агенттердин уюлдук тиркемелери да кирет.

**Колдонуучу** – аралыктан/дистанциондук тейлөө тутуму аркылуу банктык жана төлөмдүк кызматтарды пайдалануучу физикалык, юридикалык жак же жеке ишкер.

**Аралыктан/дистанциондук тейлөө** – аралыктан/дистанциондук тейлөө тутумдарын колдонуу менен аралыктан/дистанциондук ыкма менен колдонуучу берген тескемелердин негизинде кызмат жеткирүүчүнүн кызмат сунуштоо ыкмасы.

**PIN-код (Personal identification number)** – операция жүргүзүү үчүн колдонуучуну аутентификациялоого мүмкүндүк берүүчү жеке идентификациялык номур.

**Өздүк кабинет** – кызмат жеткирүүчүнүн аралыктан/дистанциондук тейлөө тутумундагы колдонуучунун өзгөчө бөлүгү, ал эсептин/насыялык лимиттин абалы жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө маалыматтарды алууга, ошондой эле башка банктык жана төлөмдүк кызматтарды алууга, анын ичинде кызмат жеткирүүчүгө өтүнмөлөрдү, тастыктоолорду жана тапшырыктарды жөнөтүүгө мүмкүндүк берет.

**Аутентификациялоо** – колдонуучунун аныктыгын көрсөтүлгөн идентификатордун (PIN-код, пароль ж.б.) мүнөздөмөлөрүн текшерүү жана салыштыруу аркылуу аныктоо процедурасы.

**Логин** – өздүк кабинетине кириши үчүн колдонуучунун коддук аты. Колдонуучунун логини болуп уюлдук телефонунун номуру эсептелет. Мисалы: «996*********»

**Коддук сөз** – телефон менен баарлашуу учурунда Кызмат жеткирүүчүнүн Колдонуучуну идентификациялашы үчүн колдонулуучу жашыруун сөз. Коддук сөз Кызматка туташуу учурунда Колдонуучу тарабынан аныкталат.

**Төмөндөтүлбөс калдык (комиссия үчүн резерв)** – учурдагы тарифтерге ылайык кызматтар үчүн акыны акцептсиз кармап калуу үчүн резервделген Банктык эсептин каражаттарынын бир бөлүгү.

**Нак акча берүү пункту (НБП)** – банктык карталарды колдонуу менен нак акча каражаттарын кабыл алуу жана/же берүү боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн атайын жабдылган орун (Банктын бөлүмү/банкомат).

**«MBANK» тутумундагы эсептик жазуу** – колдонуучу «MBANK» тутумуна катталуу учурунда өзү жөнүндө кабарлаган маалыматтарды камтыган жазуу.

**Демейки эсеп** - «MBANK» кызматында акча каражаттарынын түшүүсү үчүн негизги катары тандалган Кардардын эсеби.

## 2. КЫЗМАТТЫ КОЛДОНУУНУН ШАРТТАРЫ

2.1. Аралыктан/дистанциондук төлөө операциялары Колдонуучу тарабынан Колдонуучунун уюлдук түзүлүшүнөн Уюлдук тиркеме аркылуу (тиркемени колдонуу үчүн Интернет тармагына туташуу талап кылынат), күнү-түнү (күн сайын тыныгуусуз, алдын алуучу, регламенттик жана оңдоо иштеринин убактысынан тышкары) жүргүзүлөт.
2.2. Аралыктан/дистанциондук төлөө тутумуна туташуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт:
2.2.1. MBANK кызматына туташууга арыздын, талап боюнча карталык эсеп келишиминин негизинде.
2.2.2. Туташууну Колдонуучу аралыктан идентификациялоодон өткөн учурда өз алдынча жүргүзөт.
2.3. Аралыктан/дистанциондук төлөө тутумуна кирүү үчүн пароль талап кылынат. Маалыматтык коопсуздук саясатына ылайык, тутумдун паролдорун сактоого белгилүү бир талаптар коюлат.
2.3.1. Пароль (аутентификациялык эмес зонага кирүү үчүн) 6дан 24кө чейинки символду камтып, символдордун төмөнкү топторунан турууга тийиш:
- Латын жана кириллик кичи жана баш тамгалары;
- Санариптер (0-9);

2.3.2. PIN-код (аутентификациялык зонада иштөө үчүн)

- Санариптер (4)

2.4. Колдонуучу Кызматты колдонуу менен жүргүзүлгөн учурда өзү көрсөткөн операциянын реквизиттеринин тууралыгы үчүн толук жоопкерчилик алып жүрөт.
2.5. Алдын алуучу жана регламенттик жумуштарды аткаруу үчүн «MBANK» кызматындагы техникалык тыныгуулар Кызмат жеткирүүчүнүн www.cbk.kg сайтында MBANKтын жаңылыктары бөлүгүндө тиешелүү маалыматты жарыялоо жана уюлдук тиркемеде push-билдирүү жөнөтүү аркылуу Колдонуучуга алдын ала билдирүү менен жүргүзүлөт.

## 3. КООПСУЗДУК

3.1. PIN-код жана Пароль өзгөчө купуялуу маалымат болуп саналышат жана Кардарга гана белгилүү болууга тийиш.
Уюлдук банкингди, уюлдук тиркемени колдонуу учурунда Колдонуучу%
- чоочун адамдарга өзүнүн PIN-кодун, аралыктан/дистанциондук төлөө тутумуна паролун, электрондук почтасынын паролун, колдонуучунун атынан аралыктан/дистанциондук төлөөгө уруксатсыз кирүүгө өбөлгө түзүүчү башка маалыматтарды ачып бербөөгө тийиш;
- өзүнүн PIN-кодун, уюлдук банкинг, уюлдук тиркеме үчүн колдонулуучу паролун мезгил-мезгили менен алмаштырып туруу зарыл;
- чоочун адамдарга өзүнүн банктык операциялар жүргүзүлүүчү уюлдук телефонун колдонууга уруксат бербөөгө тийиш;
- уюлдук телефон жоголгон же уурдалган учурда кызматты тосмолоо үчүн кызмат жеткирүүчүгө тезинен чалып, уюлдук тиркемедеги PIN-кодду жана/же Паролду алмаштырууну айтуу жана Кызмат жеткирүүчүнүн каалаган бөлүмүнө кечикпестен кайрылуу же Кызмат жеткирүүчүнүн Байланыш-борборуна +996 (312) 61-33-33, +996 (556) 61 33 33, +996 (770) 33 33 69, +996 (701) 33 33 (күнү-түнү) номурлары боюнча чалуу зарыл;
- өзүнүн жеке маалыматтарын, анын ичинде паролду же PIN-кодду электрондук почта, социалдык тармактар жана маалыматтарды электрондук алмашуунун башка каражаттары аркылуу жөнөтпөөгө тийиш;
- каталарды же уруксатсыз операцияларды аныктоо үчүн операциялар таржымалын жана көчүрмөлөрдү дайыма текшерип туруу жана ар кандай уруксатсыз операциялар жөнүндө кызмат жеткирүүчүгө тезинен кабарлоо зарыл;
- аралыктан/дистанциондук төлөө тутумдарына кирүүнүн коопсуздугуна байланышкан ар кандай суроолор жаралган учурда кызмат жеткирүүчүгө тезинен кабарлоого тийиш.
3.2. Логинди жана PIN-кодду жана/же Паролду ӨК/ноутбукта/уюлдук түзүлүштө сактоо, эгер анда коргоонун кошумча аспаптары (пароль же санариптик ачкыч менен ачуу) иштетилбеген болсо, сунушталбайт.

3.3. Пароль удаасы менен үч жолу туура эмес терилген учурда эсептик жазуу 900 секундга тосмолонот. Бул убакыт өткөндөн кийин колдонуучу паролду кайрадан киргизе алат.
3.4. «Паролду унуттум» функциясын колдонгон учурда латын алфавитинин жогорку жана төмөнкү регистрлердеги тамгаларынан жана санариптерден турган убактылуу пароль камтыган смс келет.
3.5. Жалпы (жеке эмес) колдонуудагы ӨКдан/ноутбуктан/уюлдук түзүлүштөн Кызматты коопсуз колдонуу үчүн клавиатурадан киргизилүүчү жана экранга чыгарылуучу маалыматтын купуялуулугун камсыз кылуу, ал эми иш аяктагандан кийин – тутумдан туура чыгуу сунушталат (бул үчүн Кызматтын менюсунан «Чыгуу» командасын тандап алуу зарыл).
3.6. Колдонуучу ушул Эрежелердин 3.1., 3.2. пункттарында каралган шарттарды сактабаган учурда Кардарга үчүнчү жактардын аракеттери тарабынан келтирилген чыгашалар үчүн Кызмат жеткирүүчү эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

## 4. АРАЛЫКТАН/ДИСТАНЦИОНДУК ТЕЙЛӨӨ ТУТУМУН КОЛДОНУУ МЕНЕН ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ БОЛЖОЛДУУ ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕГИ

4.1. Аралыктан/дистанциондук тейлөө тутумуна туташкан учурда Колдонууыу төмөнкүлөрдү колдоно алат:
4.1.1. Акча которуулар:
Өзүнүн эсептеринин ортосундагы которуулар;
Телефон номуру боюнча каражат которуулар;
Каражаттарды реквизиттер боюнча которуулар
4.1.2. Кызматтын башка колдонуучуларынан каражат суроо.
4.1.3. Кызматтарды төлөө (коммуналдык төлөмдөр, байланыш кызматтарын төлөө жана башка төлөмдөр, жол кыймылы жазапулдарын төлөөлөр ж.б.).
4.1.4. Кызматтын башка колдонуучуларынын акча каражаттарын суроолорун төлөө;
4.1.5. Соода-тейлөө ишканалары тармагындагы товарларды жана кызматтарды төлөө;
4.1.6. QR-код боюнча төлөө;
4.1.7. Эсептер боюнча көчүрмөлөрдү кароо;
4.1.8. Жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча толук маалыматтарды кароо;
4.1.9. Нак эмес операциялар боюнча валюта курстарын кароо;
4.1.10. Банктын мөөрү басылган төлөм квитанциясын алуу;
4.1.11. Депозит ачуу;
4.1.12. Виртуалдык карта ачуу;
4.1.13. Банктык картанын PIN-кодун алмаштыруу мүмкүнчүлүгү;
4.1.14. SMS-билдирүүлөрдү жана банктык карталардагы интернет-төлөмдөрдү туташтыруу/ажыратуу;
4.1.15. Насыя алуу;
4.1.16. SWIFTке өтүнмө жөнөтүү;
4.1.17. Төлөмдөрдүн үлгүлөрүн түзүү;
4.1.18. Эсеп жөнүндөк калдыктары менен жана калдыксыз маалымкат алуу;
4.1.19. Банктык эсептин реквизиттерин алуу мүмкүнчүлүгү;
4.1.20. PIN-кодду, уюлдук тиркеменин Паролун алмаштыруу.
4.2. Кардардын эсебин толуктоо нак акча түрүндө касса, кэш-ин терминал, банкомат (кэш-ин функциясы жана төлөмдүк карта бар учурда гана) аркылуу же нак эмес жол менен жүргүзүлөт.
4.3. Кардардын нак акча алуусу Банктын каалаган бөлүмүндө касса аркылуу паспортту милдеттүү түрдө көрсөтүү менен, же төлөмдүк картанын жардамы менен банкоматтарда же НБПтарда картанын PIN-кодун киргизүү аркылуу жүргүзүлөт.
НБПлардын (нак акча берүү пункттарынын) жана эсепти толуктоо пункттарынын тизмеси менен www.cbk.kg сайтынан, Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык стенддерден, операторлордон, же Кызмат жеткирүүчүн www.cbk.kg расмий сайтында көрсөтүлгөн номурлар боюнча Жеткирүүчүнүн Байланыш-борборунан таанышууга болот.

## 5. РЕКВИЗИТТЕР БОЮНЧА КАРАЖАТ КОТОРУУ

5.1. Банктын ичиндеги эсептер боюнча жүргүзүлүүчү реквизиттери боюнча төлөмдөр иш күндөрү гана 17.00гө чейин аткарылат. Бул учурда каражаттарды эсептен чыгаруу эсебинин валютасы алуучунун эсебинин валютасы менен дал келүүгө тийиш.

## 6. ЭСЕП БОЮНЧА МААЛЫМАТ АЛУУ

6.1. Кызмат жеткирүүчүнүн аралыктан/дистанциондук тейлөө тутумундагы Колдонуучунун эсептеринин «калдыкка суроо-талап» функциясын аткарган учурда **Жалпы калдык, Эсептеги калдык** чагылдырылат. *СИЗДЕ «VISA», «ЭЛКАРТ» ТӨЛӨМДҮК КАРТАЛАРЫ БОЛГОН УЧУРДА:*
**Жалпы калдык** – төмөндөтүлбөс калдыкты камтыган бардык каражаттардын калдыгы. Бул каражаттар, төмөндөтүлбөс калдыктан тышкары, «Уюлдук банкинг» тутумунда операция жүргүзүү үчүн жеткиликтүү болуп саналат;
**Эсептеги калдык** – төмөндөтүлбөс калдыктын гана каражаттары.
6.2. «MBANK» тутумундагы калдыкты жана эсеп боюнча көчүрмөнү сураган учурда маалымат иштетиле элек транзакцияларды эсепке албастан, төлөмдүк тутумдардын эрежелерине ылайык чагылдырылат.

## 9. ДООМАТТЫК ИШТЕРДИ АЛЫП БАРУУ

9.1. MBANK кызматы аркылуу жаңылыш төлөм жүргүзгөн учурда колдонуучу арыз берүү үчүн Кызмат жеткирүүчүнүн каалаган бөлүмүнө кайрылууга, же Кызмат жеткирүүчүнүн иштебеген сааттарында Кызмат жеткирүүчүнүн Байланыш-борборуна Кызмат жеткирүүчүнүн www.cbk.kg сайтында көрсөтүлгөн актуалдуу номурлар боюнча чалууга тийиш.
9.2. Колдонуучулардын дооматтуу төлөмдөр боюнча арыздары Кызмат жеткирүүчү тарабынан, жүргүзүлгөн төлөмгө жараша, 3 иш күнүнөн башталган мөөнөттө каралат. Кызмат жеткирүүчү төлөм процессине тартылган контрагенттен баш тартуу алган учурда акчанын кайтарылышын кепилдей албайт.

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКында
физикалык жакты банктык тейлөө Келишимин түзүүгө
Жалпы жарыя-сунушка
**№8 Тиркеме**

«Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын төлөмдүк карталары менен эл аралык төлөмдүк тутумдарда (ЭТТде) жүргүзүлгөн карталык операциялардагы конвертациянын схемалары

| **Интернет-дүкөндө 100 000,00 теңге суммасындагы төлөө** | |
|---|---|
| **Картанын валютасы АКШ доллары, төлөө теңге менен** | |
| 1-учур. Транзакцияны иштетүү учурунда АКШ долларынын курсу жогорураак болгондо | 2-учур. Транзакцияны иштетүү учурунда АКШ долларынын курсу төмөнүрөөк болгондо |
| **ЭТТнин курсу боюнча 1 АКШ доллары = 469,69 теңге** | **ЭТТнин курсу боюнча 1 АКШ доллары = 469,69 теңге** |
| Операция жүргүзүлгөн күнү 100 000,00 теңге / 469,69 = 212,90 АКШ доллары | Операция жүргүзүлгөн күнү 100 000,00 теңге / 469,69 = 212,90 АКШ доллары |
| **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 АКШ доллары = 470,00 теңге** | **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 АКШ доллары = 468,00 теңге** |
| Каржылык транзакция иштетилген күнү 100 000 теңге/ 470,00 = 212,76 АКШ доллары | Каржылык транзакция иштетилген күнү 100 000 теңге/ 468,00 теңге = 213,67 АКШ доллары |
| Жыйынтыгында: 212,90 АКШ доллары - 212,76 АКШ доллары = 0,14 АКШ доллары (оң курстук айырма) | Жыйынтыгында: 212,90 АКШ доллары - 213,67 АКШ доллары = - 0,77 АКШ доллары (терс курстук айырма) |

| **Картанын валютасы сом, төлөө АКШ доллары менен** | |
|---|---|
| 1-учур. Транзакцияны иштетүү учурунда АКШ долларынын курсу жогорураак | 2-учур. Транзакцияны иштетүү учурунда АКШ долларынын курсу төмөнүрөөк |
| **ЭТТнин курсу боюнча 1 АКШ доллары = 83,00 сом** | **ЭТТнин курсу боюнча 1 АКШ доллары = 83,00 сом** |
| Операция жүргүзүлгөн күнү 212,90 АКШ доллары * 83,00 сом = 17 670,70 сом | Операция жүргүзүлгөн күнү 212,90 АКШ доллары * 83,00 сом = 17 670,70 сом |
| **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 доллар США = 84,00 сом** | **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 доллар США = 82,00 сом** |
| Каржылык транзакция иштетилген күнү 212,90 АКШ доллары * 84,00 сом = 17 883,60 сом | Каржылык транзакция иштетилген күнү 212,90 АКШ доллары * 82,00 сом = 17 457,80 сом |
| Жыйынтыгында: 17 670,70 сом - 17 883,60 сом = - 212,90 сом (терс курстук айырма) | Жыйынтыгында: 17 670,70 сом - 17 457,80 сом = 212,90 сом (оң курстук айырма) |

| **Акча которуу (P2P которуу)** | |
|---|---|
| **Россиядан биздин банктын картасына 100 000,00 рубль суммасындагы которуу (алуучу-картанын валютасы – сом)** | |
| **Операция жүргүзүлгөн күнү ЭТТнин курсу боюнча 1 АКШ доллары = 82,50 рубль** | |
| **Операция жүргүзүлгөн күнү ЭТТнин курсу боюнча 1 АКШ доллары = 83,00 сом** | |
| 100 000,00 рубль / 82,50 рубль = 1 212,12 АКШ доллары | |
| 1 212,12 АКШ доллары * 83,00 сом = 100 605,96 сом | |
| 1-учур. Транзакция иштетилген учурда сом менен рублдун курсу жогорураак | 2-учур. Транзакция иштетилген учурда сом менен рублдун курсу төмөнүрөөк |
| **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 АКШ доллары = 83,00 рубль** | **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 АКШ доллары = 82,00 рубль** |

| **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 АКШ доллары = 83,50 сом** | **Коммерциялык банктын курсу боюнча 1 АКШ доллары = 82,50 сом** |
|---|---|
| 100 000,00 рубль / 83,00 рубль = 1 204,81 АКШ доллары | 100 000,00 рубль / 82,00 рубль = 1 219,51 АКШ доллары |
| 1 204,81 АКШ доллары* 83,50 сом = 100 601,63 сом | 1 204,81 АКШ доллары* 82,50 сом = 100 609,57 сом |
| Жыйынтыгында: 100 605,96 сом -100 601,63 сом = 4,33 сом (оң курстук айырма) | Жыйынтыгында: 100 605,96 сом -100 609,57 сом = - 3,61 сом (терс курстук айырма) |